**УДК: 99(2)32**

**Бактыбек уулу Бекназар, Насипбеков Дастан Насипбекович, Козубекова Софья Жумаевна**

*Кыргыз улуттук агрардык университети*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АЗЫК-ТҮЛҮК РЫНОГУН ӨНҮКТҮРҮҮ

**Аннотация:** *Ички азык-түлүк рыногунун абалы, айыл чарба продуктыларын өндүрүүчүлөрдүн өндүрүштүк ишмердүүлүгү жана агро азык-түлүк рыногун өнүктүрүү көйгөйлөрү каралган.*

**Өзөктүү сөздөр:** *Айыл чарбасы, айыл чарба продукциясы, майда чарбачылык, агро азык-түлүк рыногу, евразиялык интеграция.*

**Бактыбек уулу Бекназар, Насипбеков Дастан Насипбекович, Козубекова Софья Жумаевна**

*Кыргызский национальный аграрный университет*

## РЫНОК ПРОДОВОЛЬСТВИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Аннотация:** *Рассмотрено состояние внутреннего агропродовольственного рынка, производственная деятельность сельхоз товаропроизводителей и проблемы развития агропродовольственного рынка.*

**Ключевые слова:** *Сельское хозяйство, сельскохозяйственная продукция, мелкотоварное производство, агропродовольственный рынок, евразийская интеграция.*

**Baktybek uulu Beknazar, Nasipbekov Dastan Nasipbekovich, Kozubekova Sofia Zhumaevna**

*Kyrgyz national agrarian university*

## FOOD MARKET OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Annotation:** *The state of the domestic agro-food market, the production activities of agricultural producers and the problems of development of the agro-food market are considered.*

**Key words:** *Agriculture, agricultural products, small-scale production, agri-food market, Eurasian integration.*

**Киришүү**. Кыргызстан айыл чарбасына багытталган өлкө. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы өлкөнүн экономикалык ишмердигинин негизги жана артыкчылыктуу багыты болуп саналат, анын үлүшү ИДПнын 13,5% түзөт (2020-ж.). 2020-жылдын маалыматы боюнча өлкөнүн калкынын 65,8% [3] айыл жеринде жашайт. Айыл чарбасында, токой жана балык чарбаларында иштеген жумушчулардын орточо жылдык саны 446,6 миң адамды түзөт же башкача айтканда республиканын жалпы калкынын 6,84% айыл чарбасында иштейт.

Айыл жериндеги элдин турмуш деңгээли жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн көрсөткүчтөрү экономиканын агрардык секторунда болуп жаткан ийгиликтерден көз каранды.

Республикада айыл чарбасына караштуу потенциалдуу мүмкүнчүлүктөр жетиштуу пайдаланылбай келет. Республиканын көп райондорунда деградацияга учураган же пайдаланылбай жаткан жерлердин чоң аянттары бар, аларды калыбына келтирүүгө жана өндүрүшкө киргизүүгө толук мүмкүнчүлүктөр бар. Негизги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү коңшулаш республикалардагы көрсөткүчтөрдөн артта калууда. Малдын жана бакма канаттуулардын продуктуулугу төмөн.

Адамдарды жетиштүү, коопсуз, ар түрдүү жана жеткиликтүү тамак-аш менен камсыз кылуу үчүн туруктуу тамак-аш системалары керек.

Азык-түлүк рыногунун негизги көйгөйү болуп сырьену жана азык-түлүктү, айыл чарба продукциясынын товардык ресурстарын ички өндүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн эсебинен көбөйтүп, алардын ассортиментин кеңейтүү жана сапатын жогорулатуу менен бирге, өндүрүштүк чыгымдарды азайтуунун негизинде керектөөчүлөргө жеткирүү болуп саналат.

**Материалдар жана изилдөө ыкмалары.** Азырку учурдагы азык-түлүк рыногу айыл чарба продукциялары менен ички рынокту өздүк өндүрүүнүн негизинде толук камсыздоо менен айыл чарба продукцияларын дүйнөлүк рыноктордо экспорттоого багытталган.

Азык-түлүк рыногунун абалы негизинен айыл чарба өндүрүүчүлөрдүн өндүрүштүк-экономикалык ишмердүүлүгүнөн, азык-түлүк импортунан, маркетинг системасынан жана айыл чарба продукциясын сатуудан көз каранды.

Учурдагы агрардык азык-түлүк рыногу кандай өнүгүп жатканын билүү үчүн статистикага көз чаптыралы.

Кыргызстандын айыл чарба тармагындагы өндүрүштүн азыркы деңгээли анын айыл чарба продукциясын өндүрүүнү көбөйтүү мүмкүнчүлүгүнө дал келбейт.
Колдонулуп жаткан майда чарбачылык (айыл чарба продукциясынын дээрлик 99,0% майда дыйкан чарбаларында жана калктын жеке чарбаларында өндүрүлөт) алдыңкы агротехнологияларды колдонууга, инвестицияларды тартууга жана айыл чарба өндүрүшүн уюштуруудагы прогрессивдүү ыкмаларды колдонууга мүмкүнчүлүк бербегендиктен, айыл чарбасынын дүң продукциясынын өсүү темпинин төмөн болушуна, анын айрым тармактарынын туруксуз өнүгүшүнө алып келүүдө.

2020-жылы COVID-19 шартында жалпы республика боюнча айыл чарба, токой жана балык чарбасынын дүң продукциясынын көлөмү 249 миллиард сомдон ашыгын түзүп, 2019-жылга салыштырмалуу өсүү дээрлик 13% түздү.

2020-жылы 2016-жылга салыштырмалуу айдоо аянттары 23,7 миң гектарга көбөйгөн. Чарбалардын бардык категориялары боюнча айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү өскөн (1-табл., кант кызылчасы жана картошкадан башкасы). 2020-жылы кант кызылчасын өндүрүү 448,8 миң тоннаны түздү, бул 2016-жылга салыштырмалуу 1,5 эсеге аз. 2020-жылы картошка өндүрүү 2016-жылга салыштырмалуу 4,4%га азайган.

*Таблица 1. Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү (чарбалардын бардык категорияларда) (миң тонна)*

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2020-ж. % менен 2016-ж. карата |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан | 1 728,1 | 1 681,8 | 1 741,5 | 1 781,4 | 1 856,0 | 107,4 |
| Пахта | 52,1 | 65,3 | 74,7 | 80,2 | 72,8 | 139,7 |
| Тамеки | 0,5 | 1,5 | 1,8 | 0,9 | 0,9 | 180,0 |
| Кант кызылчасы | 705,2 | 712,3 | 773,0 | 741,1 | 448,8 | 63,6 |
| Картошка | 1 388,4 | 1 416,0 | 1 446,6 | 1 373,8 | 1 327,2 | 95,6 |
| Жашылчалар | 1 069,3 | 1 086,7 | 1 094,9 | 1 133,6 | 1 131,2 | 105,8 |
| Эт (союлган салмагы) | 212,4 | 216,6 | 221,3 | 226,2 | 230,4 | 108,5 |
| Чийки сүт | 1 524,6 | 1 556,2 | 1 589,7 | 1 627,8 | 1668,0 | 109,4 |
| Жумуртка, млн.даана | 469,7 | 510,7 | 533,2 | 561,3 | 562,0 | 119,6 |
| Жүн (физикалык салмакта) | 12,4 | 12,6 | 12,81 | 12,9 | 13,1 | 105,6 |

Мааламат булагы: Кыргыз Республикасынын статистика жылдыгы. 2016-2020

ЕАЭБ өлкөлөрүнүн агрардык секторунда интеграциянын максаты – ички азык-түлүк рыногун өнүктүрүү гана эмес, ошондой эле ЕАЭБ өлкөлөрүн дүйнөлүк рыноктордо агроазык-түлүк товарларынын негизги экспорттоочусуна айландыруу үчүн шарттарды түзүү. Кыргызстандын агроөнөр жай комплексинин айрым тармактарынын өнүгүшүнө евразиялык интеграция позитивдуу таасирин тийгизип жатат, муну республикада кант кызылчасын өндүрүүнү өнүктүрүүнүн мисалынан ачык-айкын көрсөтүүгө болот. Белгилүү болгондой, Кыргызстан өнүгүүнүн пландаштырылган мезгилинде кант кызылчасын өндүрүүнүн өнүккөн өндүрүшү менен атагы чыккан, бул калктын кантка болгон керектөөсүн канааттандырууга жана анын ашыкчасын союздук фонддорго берүүгө мүмкүндүк берген.

Реформа мезгилинде республикада кант кызылчасын өндүрүү толугу менен жок кылынган, бул республиканын кантты керектөөсүндө импорттук көз карандылыктын өсүшүнө алып келген жана анын жалпы керектөөсүндө импорттон келген канттын салыштырма салмагы акыркы жылдары 80,0%га жеткен. Кыргызстан суверенитеттин шартында биринчи жолу кант кызылчасын өндүрүүнү жана аны кайра иштетүүнү кескин түрдө көбөйтүүнүн эсебинен өзүн-өзү кант менен камсыз кылууга жетишти. 2018-жылы кант кызылчасын өндүрүү 773,0 миң тоннаны түзүп, бул 2015-жылга салыштырмалуу 4,2 эсеге жогору болгон. Бул мезгилде республикада кум шекерди өндүрүү 22,4 миң тоннадан 122,5 миң тоннага, б.а. 5,0 эсеге өскөн. Кыргызстан эгемендүүлүктүн шарттарында биринчи жолу коңшу Казакстанга 19,0 миң тоннадан ашык кумшекер экспорттогон. Белгилей кетсек, 2018-жылы кант кызылчасын өндүрүүнүн өсүшү негизинен анын түшүмдүүлүгүнүн өсүшү менен шартталган, бул көрсөткүч боюнча биз Белоруссияны (гектарынан 474 центнерден) кууп жеттик[2].

Келечекте кант кызылчасын өндүрүүнү жана кайра иштетүүнү мындан ары көбөйтүү үчүн ЕАЭБ боюнча эң жакын өнөктөштөр тарабынан да, Борбордук Азиянын чектеш

өлкөлөрүнөн да (Өзбекстан, Тажикстан) болгон суроо-талапты эске алуу менен ишке ашыра турган шарттар бар.

Азыркы учурда мурда эң динамикалуу өнүккөн жана экспорттун олуттуу позицияларынын бири болгон картошканы жана жашылчаларды өндүрүүдө таптакыр негизсиз жагдай түзүлдү. Казакстан кийинки жылдарда картошканы жана жашылчаны өндүрүүнү бир кыйла көбөйтүүгө жетишти. Ушуга байланыштуу өндүрүштү, атап айтканда, картошка өндүрүшүн мындан ары өнүктүрүү үчүн биз аны үчүнчү өлкөлөргө сатуунун альтернативалык жолдорун издөөбүз керек. Картошка өндүрүүнү көбөйтүүнүн чоң келечеги Өзбекстан менен өз ара пайдалуу соода-экономикалык байланыштарды орнотуу менен байланышкан.

Жашылчаларды өндүрүүдө анын традициялык түрлөрүн (помидор, пияз, сабиз, капуста) өндүрүүнү көбөйтүү менен бирге өндүрүштүн структурасын өзгөртүп, көбүрөөк эмгекти талап кылган жана кирешелүү өсүмдүктөргө өтүү керек, атап айтканда, сарымсак, болгар калемпири сыяктуу[1].

2020-жылы мөмө-жемиштерди, жүзүмдөрдү өндүрүүнүн өсүшү 2016-жылга салыштырмалуу республика боюнча тиешелүү түрдө 16% жана 8% түздү[4]. Келечекте мөмө-жемиштерди жана жүзүмдөрдү өндүрүүнүн мындан аркы өсүшү Кыргызстандын Евразия рыногуна жаңы өндүрүлгөн жана кайра иштетилген түрдөгү жемиштердин, мөмөлөрдүн жана жүзүмдөрдүн негизги экспортточусуна айланышына шарт түзөт. Өлкөнүн жеке көмөкчү чарбаларында евразиялык рыноктorго жаңы өндүрүлгөн малина жана кулпунай сыяктуу айыл чарба өсүмдүктөрүн жеткирүү да интенсивдүү өнүгүүдө.

**Изилдөө натыйжалары.** Кыргыз Республикасынын ЕАЭБге кириши атаандаштыкка жөндөмдүү өндүрүштөрдү өнүктүрүүгө чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет. 2020-жылы эт азыктарын өндүрүү 230,4 миң тоннага жетип, 2016-жылга салыштырмалуу 8,5% өстү. Азыркы учурда этти кайра иштетүү өнөр жайынын начар өнүгүшүнөн, эт азыктарын экспорттоо жана импорттоо жөнгө салынбагандыктан, эт рыногунда белгилүү бир дисбаланс байкалууда.

Республикада сүт багытындагы мал чарбасы агроөнөр жай комплексинин экспортко багытталган маанилүү тармактарынын бири болуп саналат.2020-жылы 1688,0 миң тонна сүт өндүрүлгөн, бул 2016-жылга салыштырмалуу 9,4% көп. Сүт өнөр жайын жана сүт азыктары рыногун натыйжалуу өнүктүрүүгө анын кластердик принциптерде иштеп жаткан чийки зат базасы жана өнүккөн кайра иштетүү өнөр жайы көмөкчү болууда.

**Выводы.** Бирдиктүү агрардык азык-түлүк рыногунун алкагында айыл чарбасын эффективдүү трансформациялоо маселеси дагы эле айыл чарба өндүрүшүнүн өөрчүп кеткен майда чарбачылыгынан жана төмөнкү товардык структурадан болууда.

2021-жылдын башында Республикада айыл чарба, токой жана балык чарбасы тармагында иштеген 462 миңден ашык ишкердик субъекттери катталган. Алардын ичинен 349,2 миңи же жалпы көлөмдүн 75,5% дыйкан (фермердик) ишканаларга, 112,4 миң субъектилери же 24,3% айыл чарба өндүрүшүндө иштеген жеке ишкерлерге туура келет. Чарбалык субъектилердин уюшулган формаларынын саны (117 - СПК, ККХ, ААК) кыскарууда, алардын продукцияны өндүрүүдөгү салыштырма салмагы өтө эле аз – 1,6%. Ушуга байланыштуу 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында көрсөтүлгөн чарбалардын кооперациясынын негизинде ири айыл чарба ишканаларын өнүктүрүүгө түрткү берүү актуалдуу бойдон калууда.

**Колдонулган адабияттар тизмеси:**

1. Жайлов Д. КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАНА ЕАЭБтин агрардык секторун өнүктүрүү. https://KUTBILIM.KG/RU/ANALYTICS/INNER/RAZVITIE-AGRARNOGO-SEKTORA-KYRGYZSTANA-I-EAES/ 27.05.2021.
2. Камчыбеков Т.К., Кожошев А.О. жана башкалар.«Интеграция контекстинде Кыргызстан экономикасы», 2021.-183б. 102-118.
3. Кыргыз Республикасынын статистика жылдыгы. 2016-2020.
4. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы. 2016-2020.

**Авторлор жөнүндө маалымат**:
1. **Бактыбек уулу Бекназар** - К.И. Скрябин атындагы КУАУнун Экономика жана менеджмент факультетинин менеджмент багытынын магистранты.
2. **Насипбеков Дастан Насипбекович** - К.И. Скрябин атындагы КУАУнун Экономика жана менеджмент факультетинин менеджмент багытынын магистранты.
3. **Козубекова Софья Жумаевна** – илимий жетекчи, э.и.к., доцент, К.И. Скрябин атындагы КУАУнун Экономика жана менеджмент факультетинин Менеджмент жана агромаркетинг кафедрасынын жетекчиси, E-mail: sofia.kozubiekova@mail.ru